**Диссертациялык кеңештин экспертинин корутундусу**

Ж. Баласагын атындагы Кыргыз Улуттук университети жана Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Б. Джамгерчинов атындагы Тарых, археология жана этнология институтуна караштуу Д 07.23.671 диссертациялык **кеңештин эксперти** тарых илимдеринин доктору, **профессор Омурова Жамыйкат Орозбековна** Роза Абдыкулованын диссертациясы боюнча **"Осмон мамлекети менен Орто Азиянын дипломатиялык байланыштары (XIX кылымдын экинчи жарымы-XX кылымдын башы)"** темадагы тарых илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденүүдөгү 07.00.02-Ата мекен тарыхы; 07.00.03-жалпы тарых адистиги боюнча изденүүчү тарабынан жазылган диссертациянын кол жазмасын карап чыгып, төмөнкүдөй корутундуга келди:

1. **Диссертациялык кеңешке диссертацияларды коргоого кабыл алуу укугу берилген адистикке иштин дал келиши**.

Сунуш кылынган кандидаттык диссертация диссертациялык кеңештин профилине туура келет. Иште 07.00.02–Ата мекен тарыхы; 07.00.03–жалпы тарых адистигинин паспортуна толук жооп берүүчү Осмон мамлекети менен Орто Азиянын XIX-XX кылымдын башындагы дипломатиялык байланыштарынын түрлөрүнө изилдөө жүргүзүлөт.

**2. Иштин максаты катары** Осмон мамлекети менен Орто Азиянын ортосундагы байланыштарды изилдөө жаңы тарыхый иликтөө багыты экендиги шексиз. Изилдөөдө Осмон империясы менен Орто Азиянын саясий абалы, султандык бийликтин Орто Азия багытында жүргүзгөн саясаты жана дипломатиялык аракеттери, ошол эле убакта мындагы өлкөлөрдүн жана калктардын аларга жасаган мамилелери талдоого алынат. Илимий иш маселени тактоо жана көп кырдуу алакаларды жетиштүү даражада ачып, аныктоо үчүн архив материалдарын талдоо менен бирге XIX-XX кылымдын башындагы Орто Азия тарыхы боюнча жаңы маалыматтарды аталган аймактын илим дүйнөсүнө киргизүү болуп **эсептелет.**

Коюлган максат диссертацияда төмөндөгү милдеттерди аткаруу менен чечилген:

1. XIX-XX кылымдын башындагы Осмон мамлекети менен Орто Азиянын байланышынын тарыхнаамасын талдоого алуу (I бап);
2. Изилдөөнүн булакнаамасын жана изилдөөнүн методдорун аныктоо (II бап);
3. XIX-XX к. башындагы Осмон мамлекети менен Орто Азиядагы саясий , экономикалык мамилелерин талдоо (III бап);
4. Осмон мамлекети менен Орто Азиянын ортосундагы маданий жана диний алакаларын илимий талдоо (IV бап);

Коюлган милдеттерге ылайык максатка жетүүдө изденүүчү илимий тарыхнаамалардагы маалыматтарды талдоо жүргүзүүнүн натыйжасында жаңы маалыматтарды ала алган.

Диссертациянын изилдөө объектиси диссертациянын максаттарына жана милдеттерине дал келет.

Изилдөө методдору диссертациянын ар бир милдеттерине шайкеш келүү менен жүргүзүлгөн.

**Диссертациянын темасынын актуалдуулугу**

Эгер белгиленген хронологиялык жана географиялык алкакта Орто Азия аймагы бир бүтүн түшүнүк катары тышкы саясат жана башка өлкөлөрдүн экспансиялык аракет объектисине айланып келсе, тескерисинче ага баа берүү максатын көздөгөн изилдөөлөр мамлекеттер чегинде жана эки тараптуу мамилелер тогошунда гана жасалып келген. Ошол

эле убакта Орто Азия өлкөлөрүндө жүргүзүлүп келген изилдөөлөр эки тараптуу мамилелерди чагылдырууга, Россия менен Улуу Британия мамлекеттеринин саясатын иликтөөгө арналып, башка дипломатиялык субъектгердин ишмердүүлүгү көз жаздымда калып жатканы байкалат. Арийне, андай проблемалардын бири - Осмон империясынын Орто Азия аймагына жүргүзгөн дипломатиясы жана саясий аракети экендиги талашсыз. Осмон өлкөсүнүн Орто Азия менен байланышын жаңыча түшүнүп, азыркы талаптарга жараша изилдөө зарылчылыгы туулат. Орто Азия тарыхнаамасында Осмон империясынын мында жүргүзгөн саясаты, көздөгөн максаты дээрлик изилдөө объектисине алынган эмес. Осмон өлкөсүнүн жана Орто Азиянын өз ара мамилелерин аныктап, саясий максаттарына баа берүү тандап алынган теманын актуалдуулугун арттырат.

**3. Илимий натыйжалар**

Иште тарых илимдеринин өнүгүшү үчүн бир кыйла мааниге ээ төмөндөгүдөй илимий негизделген жаңы теориялык натыйжалар келтирилген:

**3.1.** Алынган натыйжаларда архив булактары (Түркия жана Кыргызстандагы)ь пайдаланылган. Осмон мамлекети менен Орто Азиянын байланыштары саясий, экономикалык, диний жана маданий багыттарда ишке ашкандыгы тууралуу жаңы маалыматтар алынып, Орто Азия тарыхына жаңы тарыхый маалыматтар сунулган.

**3.2.** Изденүүчү алгач архив булактарын талдап, андагы маалыматтар менен илимий жазылган тарыхнаамалардагы жана булактык база болгон башка эмгектердеги маалыматтар менен салыштыруунун натыйжасында бир нече натыйжаларды алган.

**3.3.** Иштин теориялык маанисинде Осмон мамлекети менен Орто Азиянын байланыштары тууралуу алынган маалыматтар Орто Азиянын тарыхында аталган доордун тарыхынын концепциясын байытуу менен жаңы тарыхый аспекттен колго алууда көмөкчү боло алат.

**3.4.** Квалификациялык белгилерге туура келиши. Диссертациялык иш мүнөзү боюнча илимий жоболорду камтыйт. Алынган жаңы маалыматтар тарых тармагында, Түркия менен Кыргызстандын ортосунда курулган эл аралык уюмдардын пайдалануусунда жардамчы боло талат.

**4. Алынган натыйжалардын практикалык маанилүүлүгү**

Изденүүчүнүн илимий ишинде тарых илиминин өнүгүшүнө салым кошо алган жаңы илимий жыйынтыктар чыгарылган. Ал жыйынтыктарды чыгарууда архив булактарын изилдөөишине тарткан.

Диссертациянын материалдарын ишке ашыруу. Иштин негизги илимий жыйынтыктарын Орто Азиянын, анын ичинде Кыргызстандын XIX-XX кылымдын башындагы тарыхын изилдөөдө пайдаланууга болот. Методикалык окуу куралдарын, колдонмолорду даярдоодо пайдаланууга болот.

**5. Авторефераттын диссертациянын мазмунуна дал келиши**

Автореферат толугу менен диссертациянын мазмунуна, анда коюлган изилдөөнүн максаттарына жана милдеттерине дал келет.

**6. Эскертүүлөр:**

1. Диссертант теманын тарыхнаамасындагы постсоветтик доордогу изилдөөлөрдө Орто Азия мамлекеттериндеги ар бир изилдөөнү өз өзүнчө бөлүп көрсөтсө аны окуганда дагы системалуу жана түшүнүктүү болот. Мисалы, Кыргызстанда, Өзбекстанда жана Тажикстандагы изилдөөлөр бөлүп, көрсөтүлсө ал бөлүмдүн ирееттүүлүгү дагы да жакшырат.
2. Планды проблемный кылып жазуусу шарт;

**7. Сунуштар:**

1. Орто Азия географиялык аймагын ачыктап коюусу зарыл.
2. 3-баптын параграфы 40 барак болуп кетиптир, азайтуу керек.
3. Диссертация 150 беттен ашпаш керек.

**8. Сунуштамалар:**

1. Жетектөөчү мекеме катары: К. Карасаев атындагы Бишкек мамлекеттик университетин
2. Расмий оппоненттер катары: Тарых илимдеринин доктору, профессор Асан Ормушевди жана тарых илимдеринин доктору, доцент Абдалиева Гульзада Кошоевнаны сунуштайм.

**9. Корутунду:**

*1-корутунду.* XIX-XX к. башындагы Осмон мамлекетинде да, Орто Азия мамлекеттеринде да саясий кырдаал өтө оор абалда болгонун берген.

*2-корутунду.* Изденүүчүнүн үчүнчү жана төртүнчү бөлүмдөрүндөгү алынган жыйынтыктар корутундуда көрсөтүлгөн. Изденүүчүнүн темасына байланышкан илимий жободон алынган жыйынтыктар илимий иштин бөлүмдөрү менен дал келет.

*3-корутунду.* XIX к. жана XX к. башында Осмон мамлекети менен Орто Азия мамлекеттеринин ортосундагы диний байланыштарында султандын ислам дүйнөсүнүн мураскору катары кабыл алынышынан улам алака бекем болуп келгенин архив документтери аркылуу тастыктаган.

*4-корутунду.* XIX к. экинчи жарымы Орто Азия мамлекеттери үчүн тарыхый татаал доор болгон. Анткени ал мезгилде орус падышачылыгы Орто Азияны басып алган учурда Осмон мамлекетинен жардам сурап кайрылышкан. Осмон мамлекети аймактарын душмандардан коргоо, өлкөнү сактап калуу аракеттеринен улам көмөк көрсөтө алган эместигин булактык базалардагы маалыматтар менен мазмунун ачып берген.

*5-корутунду.* Архив материалдардын негизинде XIX-XX кылымдын башындагы кыргыздардын тарыхына байланыштуу жаңы маалыматтар алынган.

**10. Диссертациялык кенештин эксперти сунуш кылынган документтерди карап чыгып,** Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университети жана Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Б. Джамгерчинов атындагы Тарых, археология жана этнология институтуна караштуу Д 07.23.671 диссертациялык кеңешине адистиги боюнча 07.00.02-Ата мекен тарыхы; 07.00.03–жалпы тарых адистиги боюнча тарых илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн "Осмон мамлекети менен Орто Азиянын дипломатиялык байланыштары (XIX кылымдын экинчи жарымы - XX кылымдын башы)" деген темадагы диссертацияны кабыл алууну сунуш кылат.

**Эксперт,**
**тарых илимдеринин доктору** Омурова Ж.О.

**Эксперттин колун тастыктаймын:**
Д. 07.23.671 Диссертациялык кеңештин
окумуштуу катчысы,
тарых илимдеринин доктору Карыева А.К.

08.10.2024